**Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясынын 2018-2023-жылдарга карата түзүлгөн стратегиялык планындагы аткарылган иштердин отчету**

1. 2018- жылы Европа өлкөлөрүнө барып тажрыйба алмашуу алкагында MER проекти менен “Медициналык айым иши” адистиги боюнча реформа баштаганбыз.
2. Проект MER менен биргеликте 2018-жылдан баштап Кыргызстан медициналык колледждеринде “Медициналык айым иши” адистиги боюнча реформа жүргүзүлүп, 2022-2023 окуу жылында Кыргызтандагы 5 медициналык колледж: Бишкеке медициналык колледи, Нарын медициналык колледжи, Токмок медициналык колледжи жана ОшМУнун медициналык колледжи жана Өзгөн эл аралык медициналык колледжи пилоттук болуп бекитилди.
3. 2018-жылы Кыргызстанда алгачкы жолу колледждер аралык олимпиадалар боюнча жобо түзүлүп, Бишкекте БМКнын базасында, ОшМУнун Ош медициналык колледжинде ийгиликтүү өткөрүлдү.
4. 2018- жылы Бишкек медициналык колледжи 90-жылдык юбилейне карата илимий-конференция уюштуруп, ассоциация активдүү катышты.
5. 2018-жылы ОшМУда санариптик технологиялар, кредиттик технологиялар боюнча конференция уюштурулуп, Кыргызстандагы медициналык колледждердин директорлору катышышты жана бардык колледждер кредиттик технологиялардын негизинде окуу процесси башталды.
6. 2018-жылы аккредитация боюнча семинарлар, тегерек столдор өткөрүлүп, азыркы мезгилде бардык колледждер көз карандысыз программалык жана институиналдык аккредитациялардан ийгиликтүү өтүштү.
7. 2019-жылы Кыргызстанда бардык колледждерде Академиялык мобилдүүлүк семинар конференциялар уюштурулуп, келишимдер түзүлүп, азыркы убакта үзүрлүү иштеп жатат.
8. 2019-жылы Кара-Кол медицинлык колледжинде илимий практикалык конференция уюштурулуп өткөрүлдү жана ассоциация активдүү катышты.
9. 2019-жылы Жалал-Абадта медициналык колледжинин 80-жылдыгына арналган илимий практикалык конференция уюштурулган.
10. 2019-жылы адистиктердин мамлекеттик стандарттары түзүлүп, Билим берүү жана илим министрлигинин буйругу менен бекитилген.
11. 2020-жылы бардык адистиктердин окуу пландары бекитилип, азыркы мезгилде окуу процесси жүргүзүлүүдө.
12. 2020-жылы MER долбоорунун жана АССД колдоосу менен КМКАнын колледждер арасында “Мыкты студент-практикант” конкурсу уюштурулган. Жеңүүчүлөр аныкталып, байгелүү белектер менен сыйланышты.
13. 2020-жылы тестология боюнча семинарлар өткөрүлүп сертификаттар берилди.
14. 2021-жылы “Медициналык айым иши” адистиги боюнча сьездге ассоциация активдүү катышты.
15. 2021-жылы Майлуу-Суу конференциясы өткөрүлүп актуалдуу маселелер каралып резолюция кабыл алынды.
16. 2021-жылы КМКА сайты түзүлүп оперативдүү малымат алмашуга жана өз учурунда маалымат менен камсыздоо ищ аракеттери жүрүп жатат.
17. 2020-2021-жылы ковид мезгилинде Кыргызстандагы медициналык колледжеринде окуу процессин жүргүзүү ,онлайн окутуу алгоритмдери, практикалык көндүмдөрдүн жана Мамлекеттик аттестацияларды өткөрүү боюнча Билим илим министрлигине сунушталып

саламаттыкты сактоо министлиги менен биргеликте колледждерде окуу процесстери жүргүзүлдү.

18. Проект MER тарабынан 11 колледжге мамлекеттик аудио-видео аппараттар менен камсыздалып онлайн видио-онфренциялар уюштурулуп турду.
19. Данияров атындагы Билимин өркүндөтүү жана жогорулатуу иститути жана Саламаттык сактоо министрлиги менен биргеликте резервтик медициналык кадрларды окутуу жүргүзүлүп, ковидке каршы алгоритмдери онлайн окутуу бардык колледждерде уюштурулуп, практикалык медицинага окутуучуларыбыз жардам берди.
20. Ковид пандемиясына каршы күрөшүү инфекция предметининин программасына толуктоо киргизүү зарылчылыгын көрсөттү жана семинар-тегерек столдор уюштурулуп ковид темасы окуу программасына киргизилди.
21. Пилоттук негизде 2022-2023 жылкы окуу жылына Физикалык терапия адистиги ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинде киргизилип, программасы түзүлүп окуу процессине киргизилди.
22. 2022-жылы Республикалык олимпиада Жалал-Абад медициналык колледжинде өткөрүлүп женүүчүлөргө КМКА тарабынан уюштуруучуларга баалуу белектер берилди.
23. 2022- жылы КМКА волейбол боюнча кубогу НМКде өткөрүлүп жеңүүчүлөргө уюштуручуларга акчалай сертификаттар ыйгарылып эстафетаны БМКне 2023-жылы өткөрүүгө эстафета берилди.
24. Пилоттук проектке катышкан медициналык колледждерге Проект MER менен биргеликте тынымсыз семинар тренингдер өткөрүлдү.
25. Жалпы семинар тренингдердин тизмеги тиркелет. (Тиркеме)
26. 2022-жылы Ме айым адистигин реформалоо жана актуалдуу көйгөй боюнча форумга Бишкекте катышып резолюция кабыл алынды.
27. 2022-жылы мамлекеттик стандарттар кайрадан каралып чыгып, бекитилди.
28. 2022-жылы Нарын медициналык колледжинин сунушу менен сыйлыктар боюнча жобо иштелип чыгып, медайымдардын Эл аралык күнүнө карата КМКА тарабынан сыйлыктар сунушталып берилди.

30. КМКда чыгарылган китептер тизмеси такталып сайтка жана пайдаланууга берилген турат.

31. КМКнин бүтүрүүчүлөрүнүн ишке жайгаштырылусуна мониторинг жүргүзүлүп, ар бир колледжге мониторинг жүргүзүү жагы белгиленди.

32. Квалификациалык керектелүүчү адистер боюнча КМКнин мониторинги жүргүзүлүп ВСО менен тыгыз иш жүргүзүүлүдө 2022- жылы Медакадемияга ачылганын белгилейбиз жана окуу мөөнөтүн кыскартууга, дистанттык аралаш окуу процессине өтүүгө сунушталган.

33. 2022-жылы Кыргызсатандагы Бүткүл дүйнөлүк саламаттык уюму тарабынан мамлекеттик колледждерге муляж, фантом эмекректери тапшырылган.

34. Кредиттик технологиялар боюнча жобо талкуланып, бекитилди.

35. Медициналык айым иши, Фармация жана Медициналык массаж адистиктеринин кесиптик стандарттары түзүлүп, бекитилди.

36. Компетенциялар каталогу түзүлүп бекитилди.

37. АССД жана MER проектинин колдоосунда стандарттык операциялардын процедуралар түзүлүп, КМКАнын сайтына жана ютуб каналына жайгаштырылып, колледждерге жана практикалык медициналык мекеме кызматкерлеринен таркатылды.